КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ жана ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ
И.АРАБАЕВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗ БИЛИМ БЕРҮҮ АКАДЕМИЯСЫ

**Д 13.18.573 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

Кол жазма укугунда
**УДК: 371.13 (575.2) (043.3)**

**НИЯЗОВА АЙНАГҮЛ МАЛИКОВНА**

# “Жалпы билим берүүчү мектептерде окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун заманбап системасынын илимий-методикалык негиздери (орус тили жана адабияты предметтеринин мисалында)”

13.00.01 – Жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы

Педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
авторефераты

**Бишкек – 2018**

Диссертация Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку окуу мектебинин педагогика кафедрасында аткарылды

**Илимий жетекчи:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Асипова Н.А.,** Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жогорку мектептин педагогикасы кафедрасынын башчысы

**Расмий оппоненттер:** педагогика илимдеринин доктору, профессор **Наркозиев А.К.,** Кыргызстан Эл аралык университетинин социалдык-гуманитардык кафедрасынын профессору

педагогика илимдеринин кандидаты, доцент **Низовская И.А.,** Борбордук Азия Эл аралык университетинин доценти

**Жетектөөчү мекеме:** «Манас» Кыргыз-Түрк университетинин педагогика кафедрасы

Диссертация 2018-ж. 26-октябрында саат 13.00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын алуу үчүн түзүлгөн **Д 13.18.573** диссертациялык кеңештин жыйынында корголот.

Дареги: 720040, Бишкек шаары, Раззаков көчөсү, 51

Диссертация менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин илимий китепканасында таанышууга болот.

Автореферат 2018-жылы 26-сентябрда таркатылды

**Диссертациялык кеңештин илимий катчысы,**
**педагогика илимдеринин доктору, профессор** **А.Т.Калдыбаева**

## Киришүү

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Билим берүү бүгүнкү күндө өлкөнүн ийгилигинин маанилүү көрсөткүчтөрүнүн бири жана дүйнөдө коомдук өнүгүүнүн артыкчылыктуу багыты болуп калды. Ошондуктан, акыркы жылдары дүйнөнүн дээрлик бардык өнүккөн өлкөлөрүндө улуттук билим берүү системасын олуттуу масштабдуу реформалоо жүргүзүлүп жатат.

Билим берүү системасынын сапаттуу көрсөткүчтөр проблемасы биринчи планга чыгууда, анткени ал барган сайын, коомдун социалдык-экономикалык бакубат жашоо-турмушун гана аныктабастан, ошондой эле жигердүү өзүн-өзү канааттандыруучу инсанды калыптандырууда.

Билим берүү сапатын жогорулатууну окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин объективдүү баалоо камсыз кылат. Бүгүнкү күндө билим берүүнү реформалоонун чечүүчү шарттарынын бири болуп, анын мазмунун кайра жаратуу, ошондой эле биринчи планда болгон, окуучунун (адамдын) ар түрдүү көйгөйлөрүн чечүү үчүн өз билимдерин колдонуу жөндөмү чыгып, анын жыйынтыгын баалоо үчүн компетенттүүлүк менен мамиле кылуу болуп калат.

Компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруу теориялык жана практикалык деңгээлде каралууда. Орусиянын окумуштуулары В.М. Полонский, М.М. Поташник, Г.А. Цукерман, М.Б. Челышкова, И.С. Якиманская ж.б., кыргыз окумуштууларынын бир катары Т.А. Абдырахманов, Н.А. Асипова, С.К. Калдыбаев, М.А. Ногаев, Э.М. Мамбетакунов, А.М. Мамытов ж.б. компетенттүүлүк мамилени ар кандай аспекттерде карап чыгуу жана билим берүү процессинде бул ыкманы ишке ашырууда өз жолдорун сунуш кылышат. Окуучулардын компетенттүүлүктөрүн калыптандыруу маселелери кыргыз окумуштуулар Г.А. Касымова, А.И. Джунусова, А.А. Алимбекова, Т.А. Маковкалардын диссертациялык иштеринде көрсөтүлгөн.

Ошону менен бирге, азыркы дидактика көйгөйлөрү аз изилденген аспектилеринин бири болуп, окуучулардын ишмердүүлүгүнүн баалоо системасы алсыз бойдон калып, өздөрүн төмөндөгүдөй **карама-каршылыктар** катары көрсөтүп жатат:

- окуучулардын академиялык жетишкендиктеринен так маалымат алуу зарылчылыгы менен окуучулардын жетишкендиктерин диагностикалоодогу эскирген ыкмалардын ортосунда;

- окуучулардын жетишкендиктерине объективдүү баа берүү зарылчылыгы менен, баалоонун заманбап критерийлеринин жоктугу жана баалоонун инструментарийлеринин эффективдүү эместигинин ортосунда;

- окуу процессинин үзгүлтүксүздүгү менен окуучулардын жетишкендиктерин көзөмөлдөө жарым-жартылай, үзүндү-мүнөздө уланышынын ортосунда;

- окуучулардын академиялык жетишкендиктерин баалоонун жаңы ыкмалары менен түрлөрүнө болгон практикалык муктаждык менен алардын илимий-методикалык негиздерин өнүктүрүүнүн жетишсиз иштелип чыгарылгандыгынын ортосунда;

- баалоонун жаңы усулдары жана түрлөрү бар болгону менен, аларды өздөштүрүп, окуу процессинде колдонуудагы мугалимдердин инерттүүлүгүнүн ортосунда.

Баалоонун илимий-теориялык негиздери жетишсиз изилденгени жана мектеп окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин баалоо системасын азыркы коомдун талаптарына ылайык андан ары өркүндөтүү боюнча практикалык муктаждык "**Жалпы билим берүүчү мектептерде окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун заманбап системасынын илимий-методикалык негиздери (орус тили жана адабияты предметинин мисалында)**" темасын тандап алууга алып келди.

Изилдөөнүн темасы Ж. Баласагын атындагы КУУнун 2005-2017-жылдарынын илимий-изилдөө ишинин планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты:** орус тили жана адабияты сабактарынын мисалында жалпы билим берүү мектептеринин окуучуларынын билим алуудагы жетишкендиктерин баалоонун жаңы моделин иштеп чыгуу жана аны илимий-теориялык жактан негиздөө.

**Илимий-изилдөө максаттары:**

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин окуучуларынын билим жетишкендиктерин баалоодогу тарыхый, илимий-теориялык маалыматтарды ачуу жана ага болгон заманбап илимий ыкмаларды негиздөө.

2. Окуучуларды окутуунун жыйынтыктарын баалоонун заманбап системасынын абалына мүнөздөмө (орус тили жана адабияты сабактарынын мисалында).

3. 10 баллдык шкала боюнча окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун заманбап моделин, принциптерин жана критерийлерин иштеп чыгуу.

4. Иштелип чыккан окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо моделинин эффективдүүлүгүн эксперимент аркылуу орус тили жана адабияты сабактарын өтүү процессинде текшерүү.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо системасынын тарыхый, илимий-теориялык маалыматтары ачылды, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин окуучуларынын окуу жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүү жана баа берүү үчүн жаңы илимий ыкмалар негизделди.

2. Окуучуларды окутуунун жыйынтыктарын баалоонун заманбап системасынын абалы мүнөздөлдү (орус тили жана адабияты сабактарынын мисалында).

3. 10 баллдык шкала боюнча окуучулардын окуу жетишкендиктерин 4 деңгээл менен баалоонун заманбап модели иштелип чыкты, жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин орус тили жана адабияты сабактарында баалоонун негизги принциптери жана критерийлери аныкталды, иштелип чыккан моделди колдонуу боюнча практикалык сунуштар берилди.

4. Апробация учурунда орус тили жана адабияты предметтерин окутууда иштелип чыккан окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун жаңы моделинин эффективдүүлүгү аныкталды.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:** изилдөөлөрдүн натыйжасында, баалоо системасын өркүндөтүү каражаты катары колдонууга мүмкүн болгон, орус тилин жана адабиятын окутууда, 10 баллдык шкала боюнча окуучулардын окуу жетишкендиктерин 4 деңгээл менен баалоонун заманбап модели иштелип чыкты. Иштелип чыккан баалоо **моделин** орус тили жана адабиятынан билим деңгээлин жана билгичтигин баалоодо ийгиликтүү колдонсо болот. Окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо үчүн сунушталган принциптери жана критерийлери орус тили жана адабиятын окутуунун сапатын аныктоодо багытточу негиз катары кызмат кыла алат.

**Коргоого алып чыгуучу негизги жоболор:**

1. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо системасынын түзүлүшү жана өнүгүүсүнүн тарыхый-ретроспективдүү талдоосу окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо системасындагы өзгөрүүлөрдү түшүндүрүүгө жардам берет, окуучулардын жетишкендиктерин баалоо үчүн жаңы ыкмаларды аныктоону жана Кыргыз Республикасынын мектептик билимин натыйжалуу баалоо компонентинин системасындагы өзгөрүүлөрдү алдын ала айтат.

2. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктин баалоо системасын өнүктүрүүнүн маанилүү илимий-практикалык шарты, компетенттүү ыкма менен билим берүүнүн «билим» парадигмасын өзгөртүү болот, ал окутуунун акыркы жыйынтыктарына басым жасайт, атап айтканда окуучу ар түрдүү көйгөйлөрүн чечүү үчүн алган билгичтиктерин жана көндүмдөрүн колдонот.

3. Окуучулардын билимин гуманисттик жолдор менен баалоону издөөгө ориентация кылуу, азыркы баалоо системасын өзгөртүү стратегиясын жана окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун жаңы моделин аныктоо сунушталат, ал эталон болгон же башка окуучулардын жыйынтыгы менен эмес, анын мурунку жыйынтыгы менен окуучунун жаңы жыйынтыктарын салыштырууну сунуштайт.

4. 10 баллдык шкала боюнча окуучулардын окуу жетишкендиктерин 4 деңгээл менен баалоонун заманбап модели окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун ачык-айкындуулугун, жогорку калыстыгын камсыз кылат.

5. Окуучулардын билим жетишкендиктерин критериалдык-деңгээлдик баалоо окуучулардын билим мотивациясынын өсүшүнө өбөлгө болот жана окуу материалдарын эффективдүү өздөштүргөнүн, өз алдынча иштегенин, өзүн-өзү баалоосун аныктоого мүмкүндүк берет.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:** изденүүчү окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун 10 баллдык 4деңгээлдик моделин иштеп чыккан жана апробациялаган. Орус тили жана адабиятында критериалдык баалоону колдонуу менен окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин өлчөөгө орус тили жана адабиятына баалоо таблицалары иштелип чыккан.

**Диссертациянын жыйынтыктарын апробациялоо.** Изилдөөнүн негизги жоболору жана натыйжалары Ж.Баласагын атындагы КНУнун педагогика кафедрасынын отурумдарында талкууланды (2013-ж., 2015-ж.), илимий-практикалык коференцияларда: КНУнун педагогикалык окууларында (2010-ж.), И. Арабаев атындагы университети тарабынан өткөрүлгөн К.Акиевдин туулган күнүнүн 130 жылдыгына арналган конференцияда (2012-ж.), Кыргыз билим берүү академиясы тарабынан уюштурулган КРнын эл мугалими, проф. И.Бекбоевдин туулган күнүнүн 85 жылдыгына арналган конференцияда (2015-ж.), И. Арабаев атындагы университети тарабынан уюштурулган, проф. Э.Т.Токсонбаеванын 70 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияда (2016-ж.), И.Арабаев атындагы университет тарабынан уюштурулган проф. А.Муратовдун 60 жылдыгына арналган конференцияда (2017-ж.), И. Арабаев атындагы университети тарабынан уюштурулган, проф. А.Т.Калдыбаеванын 60 жылдыгына арналган эл аралык илимий-практикалык конференцияда (2017-ж.)далилденди.

**Диссертациянын натыйжаларын толук чагылдырылганы.** Диссертациянын негизги мазмуну 19 иш жана КРдин, Россиянын жана Казакстандын ЖАКта катталган басмаларында чагылдырылган.

**Диссертациянын структурасы жана көлөмү.** Диссертация киришүүдөн, үч бөлүмдөн, корутундулардан, практикалык сунуштардан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Диссертациянын жалпы көлөмү 186 бет, 30 таблица, 15 диаграмма, 13 тиркеме.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Биринчи бөлүм** «Жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын билим жетишкендиктерин баалоонун илимий-теориялык негиздери», деп аталат, анда изилдөөнүн *биринчи милдетинин чечилиши* чагылдырылат, ошого байланыштуу илимий-педагогикалык адабияттардагы маселелердин тарыхы жана изилденген абалы сүрөттөлгөн, ошондой эле окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун азыркы абалынын жалпы көрүнүшү берилген.

Бүгүн, окумуштуулар жана адистер да, баалоонун субъективдүүлүгү менен, окуучулардын мотивациясына тийгизген терс таасири менен окуучуларга жана мугалимдерге алдын ала белгилүү болгон салттуу 5 баллдык системанын так аныкталганбаган баалоо критерийлеринин жоктугуна байланыштуу, эффективдүү эместиги белгиленет. Ошондуктан окуучулардын жетишкендиктерин баалоо боюнча активдүү издөө, апробациялоо жана жаңы системаларды ишке ашыруу жүрүп жатат.

Бүгүнкү окутуу тажрыйбасында, рейтингдик жана критерийлик баалоо системасы иштелип чыккан. Жайылтылып жаткан к**омпетенттүүлүк ыкмасы** окуучулардын реалдуу жетишкендиктерин баалоону талап кылат.

2012-2020-жылдарга Кыргыз Республикасынын билим берүүсүн өнүктүрүү стратегиясында беш негизги максаттары аныкталган, алардын бири, билим берүүнүн башкаруу системасын өзгөртүү, анда окуучуларынын билим алуу жетишкендиктерин объективдүү баалоо, сапаттуу билим

берүүнүн башкаруунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу маанилүү фактор катары каралган.

Кыргызстандагы жалпы орто билим берүүнүн Мамлекеттик билим берүү стандартынын негизинде баалоонун үч түрү көрсөтүлгөн: диагностикалык, формативдик, суммативдик. Негизги компетенттүүлүктөр катары төмөндөгү үч компетенттүүлүк каралат: маалымат компетенттүүлүгү, социалдык-комуникативдик компетенттүүлүк, өзүн уюштуруу жана маселе чечүү компетенттүүлүгү.

Негизги компетенттүүлүк ар бир окуу предметин окутууда түзүлөт, чындыгында эле, предмет үстөмдүү болуп калат. Негизги окуу компетенттүүлүк фундаменталдуу, универсалдуу болот. Орус тили жана адабиятын окутуу процессинде компетенттүүлүк мамилени ишке ашыруу, окуучунун предметтик компетенттүүлүгүн, тактап айтканда, тил жана социалдык-комуникативдик компетенттүүлүгүн өздөштүрүүнү камсыз кылат.

**Экинчи бөлүмдө,** «Жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын билим жетишкендиктерин баалоо боюнча илимий-териялык негиздерде», изилдөөнүн *экинчи маселенин* чечимдеринин жыйынтыктары көрсөтүлгөн, ошондуктан Кыргызстандагы орто мектептеринин окуучуларынын билим алуу жетишкендиктерин баалоонун жүргүзүлүп жаткан системасын талдоо жүзөгө ашырылган.

Кыргызстанда жалпы билим берүүчү мектептерде окуучулардын билимин баалоодо салттуу 5 баллдык система колдонулуп келет. Изилдөө, окуучулардын жетишкендиктери ББКнын (билим, билгичтик, көндүм) жыйынтыктарын негиздөө менен бааланганын көрсөттү. Баалоо, учурдагы, мезгил-мезгили менен, жыйынтык көзөмөл аркылуу ишке ашырылат.

Класстагы окуучуларды баалоо күн сайын, окуучулардын билимин адаттагы ыкма менен баалоо: окуучунун окуу ишин күнүмдүк байкоо, оозеки суроо (жеке, фронталдык), жазуу жүзүндө текшерүү, контролдук иштер, окуучулардын үй тапшырмасын текшерүү аркылуу жүргүзүлөт. Күн сайын болбосо да, окуучулар өз ишине өзү баа берүү колдонулат.

Окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоонун салттуу системасы менен бирге, мугалимдер модуль-рейтингдик, рейтингдик, портфолиону баалоо сыяктуу, баалоонун заманбап каражаттарын колдонушат. Бирок, жаңы баа берүү ыкмаларын пайдалануу эпизоддук мүнөздө болот, ошондуктан мектептик билим берүү реформасы окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоону мектеп системасында өркүндөтүүнү талап кылат.

Изилдөөдө баалоонун жаңы методдорун киргизүү критерийлерге болгон көз карашты өзгөртүүнү талап кылат, башкача айтканда, баалоонун көрсөткүчтөрүн. Заманбап шарттарда объективдүү баалоо зор мааниге ээ. Объективдүүлүктү туура иштелип чыккан **критерийлер** камсыз кылат. Критерийлер мугалимдер жана окуучулар үчүн да так, ачык-айкын болушу керек.

Баалоонун негизги принциби болуп **критерийлүүлүк** болот, ал билим берүү стандарттарында аныкталган, күтүлгөн жыйынтыктарды баалоо боюнча талаптардын негизинде баа берүү болуп саналат; критерийлер сабакта

мугалим менен окуучулар биргеликте иштелип чыгат, алар предметти, сабакты, теманы, бөлүмдү өздөштүрүү процессинде максаттуу тапшырык катары кызмат кылат. Жана негизги баалоо критерийлери болуп, окутуунун максаттарына ылайык күтүлүүчү натыйжалар болот. 1-сүрөт критериалдык баалоонун мазмунун чагылдырат.




**Критериалдык баалоо системасынын схемасы.** 1-сүрөт.

Башкача айтканда, баалоо системасы билим берүүнүн максаттарына ылайык келет, анан окуучулардын жетишкендиктеринин мазмундуу, активдүү деңгээлинин технологиялык көрсөткүчтөрү иштелип чыгат. Баалоо критерийлерге багытталган ыкманын негизинде ишке ашат, ал билим берүүнүн стандарттарына ылайык окуучунун белгиленген деңгээлге канчалык жетишкендигин, бул окуучунун социалдык-маданий нормаларына, стандарттын талаптарына же башка критерийлерге туура келгенин баалай алат. Критерийлик баалоонун практикалык мааниси, башка окуучулар менен салыштырылбастан, алдын ала белгилүү болгон, туура иштелген иш менен салыштырылып, окуучунун ишин гана баалоо болот.

Бирок, биз теориялык жана практикалык деңгээлде окутуунун жыйынтыктарын баалоо үчүн атайын критерийлер жарыяланган эмес экенин өкүнүү менен белгилеп кетишибиз керек. Иш жүзүндө, критерийлердин так эместиктери окутуунун олуттуу каталарына жана анын натыйжасы катарында, окуучулардын өнүгүүсүнүн татаалдаштырылганына алып келет.  Бул, албетте, билим берүүнүн натыйжалуулугуна терс таасирин тийгизүүдө.

Изилдөөнүн *үчүнчү маселесин* чечүү үчүн, биз 10 баллдык шкала боюнча окуучулардын окуу жетишкендиктерин 4 менен баалоонун заманбап моделин иштеп чыктык, анын негизин максаттары жана милдеттери, принциптери, каражаттары, баалоо аспаптары, колдонулуучу ыкмалары, өлчөө, баалоо критерийлери түзөт (2-сүрөт).

Баалоонун моделинин ишке киргизилиши инсанга багытталган, компетенттүүлүк, критериалдык деңгээлдер менен баалоо ыкмаларынын негизинде аткарылды. Баалоо каражаты жана инструменти катары орус тили жана адабияты предметтеринде критериалдуу 4 деңгээлдүү баалоо таблицалары колдонулду. Өлчөө каражаттары болуп долбоордук тапшырмалар, оозеки практикалык тапшырмалар жана көнүгүүлөр, портфолиолор болду, алардын колдонулушу окутуунун ар бир этабында окуучунун предметтик компетенцияларын баалоого мүмкүнчүлүк түздү. Ар бир тапшырма “Тапшырма+Эталон” схемасы боюнча түзүлдү, б.а. окуучу тапшырманын мазмунун (эталонун) күн мурун билет, себеби критерийлердин баяндап жазылган мүнөздөмөлөрү окуучуларга берилген.

Тапшырманы аткарууга берердин алдында мугалим окуучулар менен баалоо критерийлер тууралуу талкуу жүргүзөт. Талкуу учурунда мугалим окуучуларга түшүнүктүү болуш үчүн баалоо критерийлери жөнүндө кенен түшүндүрмө берет. Андан кийин окуучулар менен приоритеттүү критерийлер чогуу тандалат. Критерийлерди доскага же плакатка жазылат. Негизги критерийлер болуп предметтик стандартта окутуунун натыйжаларына коюлган талаптар болуп эсептелинет.

Иштелип чыккан, окуучулардын билим жетишкендиктерин баалоо моделинде төмөндөгүдөй өзгөчөлүктөрү киргизилди:

- баалоо ыкмаларын өзгөртүү, окуучунун жеке жетишкендиктерин, окуу программасынын талаптарын өздөштүрүүнүн даражасын белгилеген «кемитүү» методун «кошуу» методуна алмаштыруу;
- баалоонун көп кырдуулугу жана критериалдуулугу;

- критерийлердин ачыктыгы;

- баалоо предмети болуп билими жана билгичтиги гана болбостон, окуучунун предметтик жана негизги компетенттүүлүгү болот;

- өзүн-өзү баалоонун негизинде мугалим менен окуучунун контролдун баалоо иштерине катышуусу.

Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо **моделин** төмөндөгүлөрдү эске алуу менен иштеп чыкканбыз: Кыргыз Республикасынын билим берүү системасындагы баалоо салттары; окуучулардын окуудагы жетишкендиктерине коюлган талаптарын заманбап түшүнүү; педагогикалык өлчөө теориясы; окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо боюнча орус жана чет элдик тажрыйба; окуучулардын жетишкендиктери жаатындагы эл аралык изилдөөлөрдүн натыйжалары.

**Үчүнчү бөлүмдө** «Жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын билим жетишкендиктерин баалоо боюнча илимий-теориялык негиздерде», окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун жаңы моделин ишке киргизүү боюнча *төртүнчү маселенин* чечимдери берилген.

2013-жылдан 2017-жылга чейин жүргүзүлгөн тажрыйбалык-эксперименталдык иш компетенттүүлүк, ишкердик, инсанга багытталган ыкмалардын негизинде аткарылды. Окуучулардын жетишкендиктерин баалоо моделин апробациялоо боюнча эксперименталдык иш 3 этап менен өткөрүлдү: аныктоочу изилдөө, чалгындоо эксперименти жана жыйынтыктоо изилдөө.

Эксперименттин изденүү этабындагы мугалимдер, окуучулар жана алардын ата-энелеринин арасындагы сурамжылоо, анкеталоо төмөндөгүдөй тыянак чыгарууга мүмкүндүк берет, мугалимдер «1» деген бааны колдонбойт, баа коюуда анын жетишсиздигин сезишет, суралгандардын 77% азыркы баалоо системасын өзгөртүүнү каалаганын, билимди баалоо үчүн жаңы ыкмаларды колдонуу ниетин билдиришти. Окуучулар көпчүлүк учурда мугалимдин койгон баасы менен анын обьективсиздигинен, калыссыздыгынан макул эместигин белгилешти. Окуучуларды бири-бирин баалоо жана өзүн-өзү баалоо кызыктырат. Ата-энелер калыссыз баа койгондо балдарынын терс психологиялык абалын баса белгиледи. Ошол эле учурда билим берүү процессинин бардык катышуучулары окуучулардын жетишкендиктерин баалоосуз окуу процесси мүмкүн эмес деп эсептешет.

**Окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин 4 БАСКЫЧТУУ МОДЕЛИНИН негизги түзүмү**

**Максаты жана милдети:**
-стандарттын талаптарына ылайыктыгы;
-окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин жеке прогрессин көзөмөлдөө;
- окуучулардын пландаштырылган окуудагы жетишкендиктеринин мониторинги;
- мугалим, окуучу жана ата энелер үчүн байланышты камсыз кылуу.

Баалоо принциптери:
- объективдүүлүгү;
- критерийлердин ачыктыгы;
- баалоонун системалуулугу;
-окутуунун жыйынтыгынын өлчөмдүүлүгү;
- мугалим менен окуучунун ортосундагы туруктуу байланыш.

**Баалоо объектиси:**
- билим берүү стандарттарында берилген, билим берүү программаларын өздөштүрүүгө белгиленген талаптарындагы окуучулардын окуудагы жетишкендиктери;
- предметтик билим системасы, предметтик жыйынтыктардын маанилүү түзүмдөрү катары;
- билгичтиги жана көндүмдөрү;
- предметтик компетенциялар;
- негизги компетенциялар.

Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин
**Баалоо моделинин артыкчылыгы:**
- баанын саны менен сапатынын айкалышы;
- баанын критериалдуулугу;
- баанын объективдүүлүгү;
- баанын ачыктыгы;
- баанын калыстыгы.

**Баалоо критерийлери:**
коюлган максаттын же окутуудагы күтүлүүчү натыйжалардын көрсөткүчтөрү

**Инструменттер:**
Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоочу критериалдуу 4 баскычтуу баалоо таблицалары

**Ыкмалар:**
- инсанга багытталган;
- компетенттүү;
- иш-аракеттүү;
- критериалдык деңгээлде.

Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин калыптанган компетенциялардын 4 деңгээли боюнча баалоо:
1- базалык төмөн;
2- базалык;
3- базалыктан жогору;
4- жогорку.

**10 баллдык шкала боюнча окуучулардын окуу жетишкендиктерин 4 деңгээл менен баалоонун заманбап модели. 2-сүрөт.**

Аныктоо экспериментинин жүрүшүндө, мугалимдер туш болгон салттуу баалоо системасын колдонуудагы, негизги көйгөйлөр аныкталды: мугалим гана үч белгилерди колдонот: мугалим негизинде болгону үч бааны колдонот - үч, төрт, беш, сейрек эки деген бааны. Мугалимдер, өз кезегинде, окуучуну обьективдүү баалоо үчүн баанын жетишсиздигин белгилешет, көпчүлүк учурда окуучунун жетишкендигинин билим компоненти гана бааланат, аны баалоого ар бир мугалимдин өзү конкреттештирген мугалимдин жалпы дидактикалык критерийлери гана бар. Билим берүүнүн социалдык, коммуникативдик жана чыгармачыл компоненти баалоонун сыртында калууда, себеби жалпы кабыл алынган критерийлер жок, ошого байланыштуу мугалимдерге окуучулардын белгилүү бир жетишкендиктерин аныктоодо кыйынчылыктар туулат. Окуучулар мугалимдин так талаптарын билбейт, тигил же бул баа эмнеге коюлганы да белгисиз. Ата-энелерди, баланын абалына таасир тийгизген, мугалимдин субьективдүү мамиле менен койгон баасынын обьективдүү эместиги тынчсыздандырат.

Эксперимент көрсөткөндөй, көзөмөл ийгиликтүү деп, мугалим менен окуучу текшерүү иштеринин, контролдук иштеринин, б.а. окуучунун окуудагы акыркы жыйынтыктарын баалоо критерийлерин так билгени болот. Бул мугалимге койгон баасын сабаттуу түшүндүрүүгө, ал эми окуучуга алган баасын түшүнүп кабыл алууга мүмкүнчүлүк берет. Биздин баалоону жакшыртуу максатында окуучулардын жетишкендиктерине ылайык баллдардын дал келиши чагылдырган баалоо критериалдык таблица түзүлдү.

№1 таблица

Окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин деңгээлин көрсөткөн таблица:

| Окуучулардын жетишкендиктеринин деңгээлдери | Баллдар | Баалоо критерийлердин түшүндүрүүсү |
|---|---|---|
| 1- базалыктан төмөн | 1 | Окуучу мугалимдин максималдуу жардамы менен өтүлгөн материалдан айрым үзүндү маалыматтарды айтып берет. Бир элементардык түшүнүктү аныктамасыз кайталайт. |
| | 2 | Окуучу мугалимдин жардамы менен окуу материалдын айрым кыскача фрагменттерин айтып берет. Окуу предмет боюнча элементардык түшүнүктөрдү атайт. Стандарттуу тапшырма жана көнүгүүлөрдө ката кетирет. Мугалимдин максималдуу жардамы жана багыт берүүчү суроолорду пайдалануу менен үлгү боюнча маселени чыгарат. |
| 2-базалык | 3 | Окуучу элементардык практикалык кыймылдарды аткарат. Репродуктивдүү деңгээлде программалык |

| | | |
|---|---|---|
| | | материалдагы аныктамаларды так эмес же каталар менен айтып берет. Окуу китептен түшүнүктөрдү пайдалануу менен чыныгы материалдан элементардык билимдерди көрсөтөт. Багытточу суроолордун жардамы жана мугалимдин оңдоосу менен типтүү тапшырмаларды аткарат. |
| | 4 | Негизги базалык предметтик түшүнүктөрдү атайт, үлгү боюнча мугалимдин жардамы мененөзүндө болгон предметтик билимдерди жана көндүмдөрдү, стандарттык маселелерди жана тапшырмаларды чыгарууда пайдалана алат. Тексттеги негизги ойду айрым так эместиктер менен аныктайт. Алган билимдерди жана көндүмдөрдү пайдаланып, жөнөкөй тапшырмаларды аткарат. Мугалимдин жардамы менен корутундуларды чыгарат. Мугалимдин жардамы менен материалды айтып берет, ыраттуулугун калыбына келтирет. |
| 3-базалыктан жогору | 5 | Негизги базалык предметтик түшүнүктөрдү атайт, ээ болгон предметтик билимдерди жана көндүмдөрдү стандарттык маселелерди жана тапшырмаларды чыгаруу үчүн үлгү боюнча пайдалана алат. Тексттин негизги оюн аныктайт. Алган билимдерди жана көндүмдөрдү пайдаланып, жөнөкөй тапшырмаларды аткарат. Мугалимдин жардамы менен корутундуларды чыгарат. Алган билимдерди жөнөкөй мисалдарды жана тапшырмаларды чыгаруу үчүн пайдалана алат, таблицаларды, графиктерди түшүнөт жана түзө алат, бирок каталарды кетирет. |
| | 6 | Окуучу окуу материалдарын жетиштүү деңгээлде айтып берет, бардык стандарттык билимдерди жана көндүмдөрдү пайдаланат, мисалдарды келтирет, өз оюн оозеки жана жазуу жүзүндө айта алат, мугалимдин жардамы менен же өз алдынча корутундуларды жана жалпы тыянактарды жасай алат. Графиктерди, таблицаларды, схемаларды, диаграммаларды өз алдынча түзө алат. |
| | 7 | Окуучу алган билимдерине таянып, тааныш жагдайда фактылар менен колдоно алат, фактылардын жана кубулуштардын классификациясын аткара алат, маалыматтарды системалаштырат, тыянактуу жалпылоо чыгарат жана талдоонун негизинде корутунду чыгарып, кээде туура эмес болсо да, жеке аргументтери менен негиздеп бере алат. |
| 4-жогорку | 8 | Окуучу фактыларды, кубулуштарды системалаштырат, берилген тапшырмаларды |

| | | |
|---|---|---|
| | | аткарууда алган билимдеринин негизинде өз көз карашын кенен негиздеп жана далилдеп бере алат. Тапшырмаларды аткарууда чыгармачыл аракети бар. |
| | 9 | Окуучу билимин, билгичтиктерин белгилүү жана жаңы кырдаалдарда колдоно билет. Жаңы кырдаалда билимин чыгармачылык менен колдонот, негизги жана негизги эмес материалды бөлө алат. Теориялык билимин тапшырмаларды аткарууда ийгиликтүү колдонот, жасаган аракеттерин далилдүү түшүндүрөт. Окуучу максат коюп, проблеманы көрсөтүп чече алат, фактыларга, окуяларга сынчыл баа бере алат, алардын байланышын көрсөтө алат. Маалыматты өз алдынча таап колдоно билет. Корутундуларды жана жалпы тыянактарды аргументтүү жактайт. Тапшырмаларды аткаруу үчүн кошумча булактарды колдонот. |
| | 10 | Окуучу билиминин, билгичтиктеринин негизинде реалдуу проблеманы чечүү үчүн оригиналдуу, рационалдуу ыкмаларды колдоно алат. Окуу материалын эркин колдонот, ар кандай окуялар жана фактыларга негиздүү баа берет, жеке позициясы бар. Өз алдынча керектүү маалыматты таба алат, анализдейт, татаал, стандарттык эмес маселелерди жана тапшырмаларды аткаруу үчүн тапкан маалыматын жана өзүнүн билимин пайдаланат. Өз жөндөмдүүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча олуттуу иштейт. |

Бул моделге ылайык, окуучунун жетишкендиктеринин критерийлери болуп, ар бир окуучунун жекече ийгиликке жетиши саналат. 7-класста орус тили жана адабиятын окутуу аркылуу көрсөтүлгөн окутуунун натыйжаларын 10 баллдык шкала боюнча баалоо жүргүзүлгөн баалоо критерийлеринин мазмуну, окуучулардын жетишкендиктери боюнча талаптары ачык-айкын кылат. Бул учурда пландалган жыйынтыктар таасирдүү болот жана *предметтик стандартты* оперативдүү анализдеп турат. 5 баллдык баалоонун 10 баллдык шкала менен ара катыштыгын №2 таблицадан көрсө болот.

**№2 таблица. Баалоонун 10-баллдык шкаласы менен баллдардын ара катыштыгы**

| Баалоонун 10-баллдык шкаласы | Баалоонун 5-баллдык шкаласы |
|---|---|
| Базалыктан төмөн 1-2 балл | «2» деген баа |
| Базалык деңгээл 3-4 балл | «3» деген баа |
| Базалыктан жогору 5-7 балл | «4» деген баа |
| Жогорку деңгээл 8-10 балл | «5» деген баа |

Компетенттүүлүктөрдүн калыптануусу орус тили жана адабияты сабактарында традициялык форма жана ыкмалардын (аңгеме, дискуссия, консультация) жана заманбап технологиялардын (группалык, коллективдик формалары интерактивдик, долбоордук-изилдөөчүлүк, коммуникативдик ыкмалар) негизинде болот. Окуучулардын окуу жетишкендиктерин так баалоо максатында орус тили жана адабияты предметтери боюнча атайын предметтик баалоо таблицалар иштелип чыкты. Мындай таблицаларды иштеп чыгуу татаал процесс, бирок, таблицадагы критерийлер боюнча баалоо ачык, объективдүү, калыс болду.

**№3 таблица. 7-класста орус тили боюнча окуучулардын окуу жетишкендиктеринин дегээлинин баалоо таблицасы:**

| Окуучулардын жетишкендигинин деңгээли | Баллдар | Баалоо критерийлеринин мүнөздөмөлөрү |
|---|---|---|
| *Мазмундуу тилке: Текст тилде жана кепте* | | |
| *Тема: Публицистикалык стилдин тилдик өзгөчүлүктөрү* | | |
| 1-базалыктан төмөн | 1 | Окуучу мугалимдин максималдуу жардамы менен өтүлгөн материалдан айрым үзүндү маалыматтарды айтып бере алат. Аныктамасы жок бир жөнөкөй түшүнүктү кайталайт. |
| | 2 | Окуучу мугалимдин жардамы менен окуу тексттин айрым структуралык бөлүктөрүн аныктайт. Тексттин белгилерин атай албайт, «тексттин типтери», «публицистикалык стили» түшүнүктөрүн аныктоо кыйналат. Публицистикалык стилдеги сунушталган тексттердин мазмунун (оозеки жана жазуу түрүндө) тиешелүү лексиканы жана жанрдык өзгөчөлүгүн сактабай айтып берет. Мугалимдин жардамы менен сунушталган үлгү боюнча деформацияланган текстти жакшыртат. Мугалимдин жана жетелеме суроолордун жардамы менен маселени үлгү боюнча чыгарат. |
| 2-базалык | 3 | Окуучу мугалимдин жардамы менен текстин айырмалай алат. Мугалимдин жетекчилиги менен окуу тексттин тибин аныктайт. Мугалимдин жетекчилиги менен тексттин жөнөкөй планын түзө алат. Негизги жана көмөкчү маалыматты так эмес, каталар менен белгилейт. Мугалимдин жардамы менен кептин сүйлөшүү жана адабий стилин айырмалай алат. Мугалимдин жардамы менен аналогия боюнча иштелип чыккан үлгүгө карап сунушталган башка окшош темадагы текстти түзөт. Дил баянга чогултулган материалды топтоштурат, мугалимдин жардамы менен корутундуларды жана жалпылоолорду жасай алат. Кебинде улуттук- |

| | | |
|---|---|---|
| | | маданий мазмундун компоненти менен лексиканы пайдаланбайт. Сүрөттөрдү жана буюмдарды сүрөттөөдө элдин маданиятынын жана салттарынын белгилүү өзгөчөлүктөрүн белгилейт. |
| | 4 | Мугалимдин жетекчилиги менен окуу тексттин тибин аныктайт. Мугалимдин жетекчилиги менен тексттин жөнөкөй планын түзө алат. Негизги ойду, окуу тексттин түзүмдүк бөлүктөрүн, негизги жана негизги эмес маалыматты белгилейт, мугалимдин жардамы менен окуган тексттин маанисин айтып бере алат. Дил баянга чогултулган материалды топтоштурат, мугалимдин жардамы менен корутундуларды жасай алат. Мугалим берген башка окшош темага үлгү боюнча текст түзөт, каталарды кетирет. Мугалимдин жардамы менен кебинде улуттук-маданий мазмундун компоненти менен лексиканы пайдаланат. |
| 3- базалыктан жогору | 5 | Окуу текстинин тибин аныктайт. Негизги ойду, окуу тексттин түзүмдүк бөлүктөрүн, негизги жана негизги эмес маалыматты белгилейт, каталарды кетирет. Мугалимдин жетекчилиги менен тексттин жөнөкөй планын түзө алат. Мугалимдин жетекчилиги менен сүйлөшүү жана адабий стилди айырмалай алат. Дил баянга материалды иретсиз топтоштурат, каталарды кетирет, жалпылашууда, корутундулоодо кандайдыр бир кыйынчылыктарга жолугат. Сунушталган алгоритм боюнча деформацияланган текстти жакшыртат, каталарды кетирет. Сүрөттөрдү жана буюмдарды сүрөттөөдө элдин маданиятынын жана салттарынын белгилүү өзгөчөлүктөрүн белгилейт, бирок каталарды кетирет. |
| | 6 | Окуу тексттин тибин аныктайт. Негизги ойду, тексттин түзүмдүк бөлүктөрүн, негизги жана негизги эмес маалыматты белгилейт. Тексттин стилин аныктайт, тексттин жөнөкөй планын түзөт. Сүйлөшүү жана адабий стилди айырмалай алат. Мугалим берген башка окшош темага үлгү боюнча текст түзөт. Сунушталган алгоритм боюнча деформацияланган текстти жакшыртат. Мугалимдин жардамы менен жана жардамысыз эмес оозеки жана жазуу түрүндө өз ойлорун билдире алат, жалпылоо жана корунудуларды жасай алат. Дил баянга материалды топтоштурат, каталарды кетирет, айтылгандарды жалпылаштырууда, корутундуларды чыгарат. Кебинде улуттук-маданий мазмундун |

| | | |
|---|---|---|
| | | компоненти менен лексиканы пайдаланат. Сүрөттөрдү жана буюмдарды сүрөттөөдө элдин маданиятынын жана салттарынын белгилүү өзгөчөлүктөрүн белгилейт. |
| | 7 | Окуучу окуу тексттин тибин аныктайт. Негизги ойду, окуу тексттин түзүмдүк бөлүктөрүн, негизги жана негизги эмес маалыматты белгилейт. Тексттин жөнөкөй планын түзө алат. Публицистикалык тексттин стилин кептик жана адабий стилдерден аныктайт. Мугалим берген башка окшош темага үлгү боюнча өзүнүн текстин түзөт. Мугалим берген тапшырма боюнча кептин стилдеринин тилдик өзгөчөлүктөрүн өз тексттерин түзүүдө пайдаланат. Сунушталган алгоритм боюнча деформацияланган текстти жакшыртат. Мугалимдин жардамы менен жана жардамысыз оозеки жана жазуу түрүндө өз ойлорун билдире алат, жалпылоо жана корутундуларды жасай алат. Дил баянга материалды топтоштурат, каталарды кетирүү менен айтылгандарды жалпылаштырат, корутундуларды чыгарат. Кебинде улуттук-маданий мазмундун компоненти менен лексиканы пайдаланат. Сүрөттөрдү жана буюмдарды сүрөттөөдө элдин маданиятынын жана салттарынын белгилүү өзгөчөлүктөрүн белгилейт. Маалыматты системалаштырат, негиздүү жалпылоолорду кылат жана талдоонун негизинде корутундуларды чыгарат, өз аргументтери менен далилдерди келтирет, каталарды кетирет. |
| 4- жогорку | 8 | Тааныш эмес тексттин негизги оюн, окуу тексттин структуралык бөлүктөрүн, негизги жана негизги эмес маалыматты белгилейт, каталарды кетирет. Тааныш эмес тексттин жөнөкөй планын түзө алат. Тааныш эмес тексттин тибин аныктай алат. Публицистикалык тексттин стилин сүйлөшүү жана адабий стилдерден айырмалайт. Тексттин темасын жана анын ачылышына карата мамилесин аныктайт. Өздүк тексттерин түзүүдө кептин стилдеринин тилдик өзгөчүлүктөрүн пайдалана алат. Өз алдынча деформацияланган текстти жакшыртат. Орус жаратылышын жана өз өлкөсүнүн жаратылышын, өз өлкөсүнүн жана башка өлкөлөрдүн тарыхын чагылдырган искусствонун чыгармаларына өз мамилесин билдире алат, жашоосунда илимий билимдердин пайдасы жөнүндө айтып бере алат. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Коюлган окуу маселени чыгаруу үчүн өз алдынча жаңы билимдерди өз алдынча издейт. Фактыларды, кубулуштарды системалаштырат, өз оюн далилдөө үчүн аргументтерди келтире алат. Тапшырмаларды аткарууда чыгармачылык мүнөзгө ээ болот. |
| | 9 | Окуучу тааныш эмес тексттин негизги оюн, окуу тексттин структуралык бөлүктөрүн, негизги жана негизги эмес маалыматты белгилейт. Өз алдынча тааныш эмес тексттин жөнөкөй планын түзө алат. Өз алдынча тааныш эмес тексттин тибин аныктай алат. Өз алдынча публицистикалык тексттин стилин сүйлөшүү жана адабий стилдерден аныктай алат. Тексттин темасын жана анын ачылышына карата мамилесин аныктайт. Өздүк тексттерин түзүүдө кептин стилдеринин тилдик өзгөчүлүктөрүн пайдалана алат. Өз алдынча деформацияланган текстти жакшыртат. Фактыларга, кубулуштарга негиздеп баа бере алат, байланыштарын түшүндүрө алат. Өз алдынча маалыматты табат жана пайдалана алат. Өз оюн далилдөө үчүн корутундуларды жана жалпылоолорду чыгара алат. Маселелерди аткарууда чыгармачыл мүнөзгө ээ. Кошумча булактарды активдүү пайдаланат. |
| | 10 | Окуучу өз алдынча тааныш эмес тексттин негизги оюн, тексттин түзүмдүк бөлүктөрүн, негизги жана негизги эмес маалыматты белгилейт. Тааныш эмес тексттин жөнөкөй планын өз алдынча түзө алат. Тааныш эмес тексттин тибин өз алдынча аныктай алат. Кептин сүйлөшүү жана адабий стилдерин өз алдынча аныктай алат. Тексттин темасын жана анын ачылышын өз алдынча аныктайт. Өздүк текстин түзүүдө кептин стилдеринин тилдик өзгөчүлүктөрүн пайдалана алат. Өз алдынча деформацияланган текстти жакшыртат. Орус жаратылышын жана өз өлкөсүнүн жаратылышын, өз өлкөсүнүн жана башка өлкөлөрдүн тарыхын чагылдырган искусствонун чыгармаларына өз мамилесин билдире алат, жашоосунда илимий билимдердин пайдасы жөнүндө эркин айтып бере алат. Өз алдынча керектүү маалыматты табат жана аны коюлган максатка жетүү үчүн пайдалана алат. Маселелерди аткарууда чыгармачыл мүнөзгө ээ. Кошумча булактарды активдүү пайдаланат. |

Аталган тема боюнча окуучулардын жетишкендиктерин баалоо критерийлери орус тили боюнча стандарттын талаптарына ылайык окуучунун тилдик компетенцияларына карата түзүлгөн. Көрсөтмө мисал катарында 7-класс үчүн адабият боюнча предметтик таблицаны келтиребиз.

**№4 таблица. 7-класстын окуучуларынын окурмандын компетенциясын аныктоо үчүн баалоо таблица:**

| Окуучулардын жетишкендиктеринин деңгээлдери | Баллдар | Баалоо критерийлердин баяндоо түрүндөгү мүнөздөмөсү |
|---|---|---|
| Мазмундуу тилкелер: 1. Адабий формасы (сюжет, композиция, жанрлар)<br>2. Адабий каарман | | |
| Тема: «А. С. Пушкин. «Полтава» поэмасы | | |
| 1- базалыктан төмөн | 1 | Окуучу текст боюнча айрым үзүндү билимдерге ээ. Жоопторунда мугалим класста окуп жатканда уккан үзүндүлөргө таянат. Поэма жөнүндө түшүнүгү жок. |
| | 2 | Окуучу көркөм окубайт, негизги адабий каармандарды атай албайт, текстти жакшы билбейт. Текст боюнча жөнөкөй тапшырмаларды аткарууда базалык адабий түшүнүктөрдү пайдаланып, коюлган маселени аткара албайт. |
| 2-базалык | 3 | Окуучу негизги эпизоддорду айтып бере алат, бирок жооптун мазмунунда каталарды кетирет. Поэтикалык кепте көркөм ыкмалар жөнүндө түшүнүгү бар, бирок аларды атай албайт. |
| | 4 | Тексттин негизги мазмунун айтып бере алат. Негизги окуялардын бири-бирине байланышын, каармандардын мүнөзүн жана жүрүм-турумун түшүндүрөт, бирок чыгармаларды анализдөөдө аталган билимдерди жетишсиз пайдалана албайт. Адабий каармандардын жүрүм-турумун түшүндүрөт, каармандарга мүнөздөмө берүү үчүн тексттен цитаталарды таба алат. Мугалимдин жардамы менен текстте туура жана кыйыр автордук баалоолорду таап жана түшүндүрө алат. Өз корутундуларын аныктоо үчүн чыгарманын тексттин дайыма пайдалана албайт. Поэманын тексттин көркөм окуйт. |
| 3-базалыктан жогору | 5 | Поэманын тексттин түшүнөт, чыгарманы жазуу үчүн негиз болгон тарыхый окуяларды билет. Адабий каармандарга мүнөздөмө бере алат, бирок адабий тилди дайыма эле пайдалана албайт. Тексттеги туура жана кыйыр автордук баалоолорду түшүндүрө алат. Чыгарманын автору пайдаланган каарманга |

| | | |
|---|---|---|
| | | мүнөздөмө берүү үчүн көркөм ыкмаларды аныктоодо каталарды кетирет. Текстке таянуу менен автордун каарманга карата мамилеси жөнүндө корутунду чыгара алат. |
| | 6 | Петр, Мазепа, Карл XII образдарын адабий тил менен сүрөттөй алат. Поэмада айтылган тарыхый окуяларды билет, каармандардын жүрүм-турумуна баа бере алат, алардын жүрүм-турумун себебин түшүндүрө алат. Берилген материалдарда 1-2 ката кетирет. Текттеги автордук баалоону түшүндүрө алат. Каармандарга мүнөздөмө берүү үчүн тексттен цитаталарды пайлана алат. Текстке таянуу менен автордун каарманга карата мамилеси жөнүндө корутунду чыгара алат. Мугалимдин бир аз жардамы менен каарманга мүнөздөмө берүү үчүн керектүү теориялык-адабий түшүнүктөрдү пайдалана алат. |
| | 7 | Поэманын тексттин терең түшүнүү. Жообу логикага негизделген жана ирееттүү. Поэмадагы тарыхый окуялардын өз ара байланышын түшүндүрө алат, каармандарды салыштырып, каармандардын жүрүм-турумуна, тарыхый окуяларга баа бере алат. Берилген материалда ката кетирет. Каармандарга мүнөздөмө берүү үчүн тексттен керектүү цитаталарды тандай алат, керектүү теориялык-адабий түшүнүктөрдү пайдалана алат, каталарды кетирет. Монологдук жакшы адабий тилге ээ. Текстти пайдалануу менен автордун каарманга карата мамилеси жөнүндө корутундуларды чыгара алат. |
| 4- жогорку | 8 | Текстти жакшы билет жана көркөм окуйт, чыгарманын мазмунун түшүнөт. Адабий чыгарманы анализдөөдө, адабий каарманга мүнөздөмө берүүдө талдоонун теориялык-адабий билимдерин жана билгичтиктерди пайдалана алат. Чыгарманын көркөмдүк жакшы жактарын айтып бере алат. Адабий каармандардын образдарды салыштыра алат, алардын жүрүм-турумун анализдеп, текстке таянып, алардын жүрүм-турумунун себебин түшүндүрө алат. Каармандарга мүнөздөмө берүү үчүн тексттен цитаталарды таба алат. Окуган чыгарма боюнча өз алдынча корутундуларды жана жалпылоолорду жасай алат. |
| | 9 | Теориялык-адабий түшүнүктөрдү билет жана аларды чыгарманын анализинде пайдалана алат. |

| | | |
|---|---|---|
| | | Тарыхый инсандардын ишмердүүлүгүн баалоонун объективдүү, тарыхый жана адеп-ахлактык критерийлерин түшүндүрүп бере алат. Окуялардын өз ара байланышын, каармандардын мүнөзүн жана жүрүм-турумун түшүндүрө алат. Текстте туура жана кыйыр автордук баалоолорду таап түшүндүрө алат, адабий каармандардын жүрүм-турумуна өздүк баалоо бере алат. Бир өлкөнүн алкагында ар кандай улуттардын биримдиги боюнча акындын ой-жүгүртүүлөрү жөнүндө корутунду чыгара алат. Окуган чыгармасы боюнча өз алдынча корутундуларды жана жалпылоолорду чыгара алат. Жакшы монологдук адабий кепке ээ. |
| | 10 | Поэмада пайдаланган көркөм ыкмаларды эркин айта алат. Поэманын жазуу стилин билет. Поэманын адабий каармандардын жүрүм-турумунун, мамлекеттин көз карандысыздыгынын себептерин түшүндүрүүдө өз оюу бар. Өз корутундуларды далилдөө үчүн текст менен иштейт, үзүндүлөргө сабаттуу комментарийлерди бере алат, чыгармадан цитаталарды келтире алат, диалог жана дискуссияга эркин кошулат. А.С.Пушкиндин чыгармачылыгы боюнча өз алдынча билдирмелерди ишке ашырууда монологдук адабий кепти эркин пайдалана алат. Аткарылган билдирмелер чыгармачылык мүнөзгө ээ. |

Белгилүү бир теманы же бөлүмдү окуп жатканда, мугалим да, окуучу да «критерийлер» деген графага өзгөртүү киргизе алат. Мындай баалоо таблицасын колдонуу боюнча ата-энелер маалымдалат. Окуучунун бардык жетишкендиктери дептерде же мугалимдин окуучулардын жетишкендиктерин каттоо журналында жазылат.

Эксперименттин жүрүшүндө пландаштырылган натыйжалар алынды жана апробацияланды, атап айтканда:

1) компетенттүүлүк мамиленин жана мамлекеттик билим берүү стандарттарын эске алуу менен, окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо үчүн, модель иштелип чыккан;

2) орус тили жана адабиятынан окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин дэңгээлин аныктоо үчүн окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо модели колдонулду;

3) окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин объективдүү өлчөө үчүн, баалоонун жаңы моделинин негизинде, предметтик баалоо таблицалары иштелип чыкты;

4) иштелип чыккан баалоо модели апробацияланды жана баалоо моделинин практикада бара-бара колдонуусу боюнча аныктама берилди.

Эксперименталдык иштин акыркы этабы болуп, Бишкек шаарындагы №6, №65 мектептеринде 2013-2017-окуу жылында өткөрүлгөн контролдук эксперименти болуп калды.

Эксперименталдык иштин жыйынтыгы көрсөткөндөй, дэңгээлдик баалоо таблицасы менен бааланган 7-класстын окуучуларынын окуудагы жетишкендиктеринин көрсөткүчтөрү, баалоонун берилген ыкмасына караганда бийик көрсөтөт. Иштелип чыккан 10 баллдуу баалоо системасын ишке киргизүү, окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо, формалдуу эмес реалдуу түрдө, шексиздикке жана ишенимдүүлүккө жетишүү мүмкүн экенин көрсөткөн.

Иштелип чыккан деңгээлдик 10 баллдуу баалоо система, компетенттүүлүк мамилени жана мамлекеттик билим берүү стандарттарын эске алуу менен баалоонун обьективдүүлүгүн камсыз кылат, өзүнүн көп кырдуулугу, ийкемдүүлүгү, психологиялык жактан эркиндиги менен билим берүү процессинин бардык катышуучулары үчүн түшүнүктүү болуп саналат. Баалоонун 10 баллдык системасына өтүү үчүн, мугалим окуу материалдарын өздөштүрүүнүн диагностикалык системасын, окуучулардын таанып-билүү билгичтиктеринин өздөштүрүү деңгээлин жакшы билүүсү керек. Окуучулардын мугалим менен бирге өзүнүн жетишкендиктеринин баалоо критерийлерин талдоо, анын алдыга койгон максаттарына жетишүү үчүн ишенимин түзөт. Мугалим жүргүзгөн, окуучунун жетишкендиктерин белгилеген таблица же журнал жана окуучунун билиминин бааларынын бардыгы керексиз отчет үчүн эмес, окуучунун жеке өсүү траекториясынын өнүгүүсү үчүн зарыл.

Педагогикалык эксперименттин натыйжалуулугун аныктоо үчүн биз статистикалык критерийди $\chi^2$ (хи-квадрат критерии) колдондук. $\chi^2$тын эмпирикалык мааниси төмөндөгүдөй формула менен эсептелет:

$$\chi^2 = N * M * \sum_{i=1}^{L} \frac{\left(\frac{n_i}{N} - \frac{m_i}{M}\right)^2}{n_i + m_i}.$$

№2 таблица

**№6-мектеп-гимназиясынын 7-классындагы орус тилинин салыштырмалуу таблицасы (2016-2017-окуу жылы):**

| Деңгээли | Эксперименталдык класстар | | | | Контролдук класс | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Старт. | % | Жыйынт. | % | Старт. | % | Жыйынт. | % |
| Жогорку | 9 | 9,2% | 11 | 11% | 2 | 7% | 2 | 7% |
| Базалыктан жогору | 40 | 40,3% | 45 | 46% | 12 | 43% | 13 | 46% |
| Базалык | 40 | 40,3% | 38 | 38% | 10 | 36% | 11 | 41% |
| Базалыктан төмөн | 10 | 10,2% | 5 | 5% | 4 | 14% | 2 | 6% |
| Класстагы бардык | Эксперименталдык класстар | | | | Контролдук класс | | | |

| окуучулар, билим сапаты | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Эксперименттеги класстардагы окуучулардын жалпы жыйынтыгы | Окууч.саны | Билим сапаты в % | | Окууч.саны | Билим сапаты % | |
| | 99 | Старт | Жыйынт. | 28 | Старт | Жыйынт. |
| | | 48,5% | 57% | | 50% | 53% |




Жүргүзүлгөн педагогикалык эксперименттин шексиздигин билүү үчүн $\chi^2$ни чыгарабыз. **2016-2017-окуу жылындагы** №6-мектебиндеги **орус тилинин** жүргүзгөн экспериментaлдык изилдөөлөрдүн жыйынтыгы төмөндөгү көрсөткүчтөрдү берди:

**Экспериментaлдык класс:**

N=100, $n_1$=5, $n_2$=38, $n_3$=45, $n_4$=11;

**Контролдук класс:**

M=100, $m_1$=6, $m_2$=41, $m_3$=46, $m_4$=7.

$\chi^2 = 0{,}09 + 0{,}7 + 0{,}1 + 2 = 2{,}89$

$$\chi^2_{эмп} = 2{,}29 > 7{,}82 = \chi^2_{0,05}$$

$\chi^2$нин эмпирикалык мааниси $\chi^2_{эмп} < \chi^2_{0,05}$, критикалыкка караганда чоң, демек, «экспериментaлдык топтогу билим денгээлинин экспериментти аткарууга чейин жана андан кийинки мүнөздөлгөн айырмачылыктарынын шексиздиги 95% ды түзгөн».

Алынган натыйжалардын негизинде иштелип чыккан окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун критериалдуу 4 баскычтуу моделин окуучулардын жетишкендиктерин баалоодо колдонулушу окуучулардын билим сапатын жогорулатууга мүмкүнчүлүк берди деп айтууга болот.

## КОРУТУНДУ

Билим берүү иштеринин консервативдүү бөлүгү окуучулардын билим жетишкендиктерин объективдүү аныктоо менен окуучулардын жеке жетишкендиктерин компетенттүүлүк мамиленин негизинде заманбап

концепциялар менен аныктоону илимий-теориялык жана окутуунун натыйжаларын изилдөө көрсөтөт.

Эксперименталдык иш, окуучулардын жетишкендиктерин баалоо үчүн заманбап илимий-теориялык жана практикалык ыкмаларды колдонуу аркылуу окуучулардын жетишкендиктерине баа берүү системасын жакшыртуу, окуучулардын билим алуу жетишкендиктерине баа берүү жана мониторинг жүргүзүү үчүн заманбап технологияларды, окуучулардын кызыгуусун жогорулатуу ыкмалары тууралуу гипотезаны тастыктады жана төмөнкө негизги жыйынтыктарды иштеп чыгууга түрткү берди:

1. Салттуу баалоо системасынын натыйжасыздыгынан улам, азыркы педагогикалык илим баалоо системасына жаңы илимий ыкмаларды сунуш кылат: окуучуга жеке багытталган, компетенттүүлүк иш мамиле жасоонун негизинде критериалдык-деңгээлдик баалоо, портфолио негизделген. Окуучулардын жетишкендиктеринин көрсөткүчү болуп анын билим алуу процессинде өзү алган, жеке жетишкендиктери болуп саналат.

Окуучунун билим алуу жетишкендиктеринин натыйжасы катарында, билим сапатынын талдоосу билим берүүнүн коюлган максаттарына жана жалпы стратегиясына тиешелүү жыйынтыкка келди, ал билим берүүнүн сапатынын көрсөткүчү, окуучунун таанып-билүү, о.э. башка социалдык маселелерин чечүүгө мүмкүн болгон анын компетенттүүлүгүнүн топтомун камтыган, коомдун жана инсандын талаптарына, кабыл алынган мамлекеттик билим берүү стандарттарына окуучунун билиминин жооп бергендиги дегенди билдирет.

2. Учурдагы баалоо системаларынын салыштырмалуу талдоосу учурдагы дүйнөлүк практикада 1ден 1000 баллга чейинки баалоо шкаласы колдонулушун көрсөттү. Ар бир системанын өзүнүн артыкчылыктары жана кемчиликтери бар. Окуучулар үчүн тааныш жана түшүнүктүү болуп калган, мектептеги билим берүүнүн класста сабак окутуу системасы менен бирге иштелип чыккан 5 баллдуу баалоо системасынын артыкчылыгы салттуу болуп калышында. 5 баллдуу баалоо системасынын натыйжасыздыгы анын субъективдүүлүгүндө жана баалоонун калыстыгы жоктугунда. Баалоо билим берүүнүн сапатын жогорулатуу үчүн курал эмес, окуучуларга болгон жаза же колдоо болуп саналат. Рейтинг системасында баалоо калыстыгын жогорулатат, бирок окуучулардын жетишкендиктеринин бардык элементтерине баа бере албайт.

3. Биздин жүргүзүлгөн эксперименталдык иш дэңгээлине жараша баалоонун жаңы моделдерин апробациялоо үчүн маанилүү платформа болуп калды. Биз сунуштаган окуучуларынын билим алуу жетишкендиктерин 4 баскычта баалоо модели компетенттүүлүк мамиле жана мамлекеттик билим берүү стандарттарын эске алуу менен, орус тили жана адабияты сабагында ачык-айкындыкты, окуучулардын жетишкендиктерин калыс баалоону жана окуучуларга жекече мамиле кылуу ыкмасын камсыз кылат.

Баалоо куралы катары стандартташтырылган эмес жана стандартташтырылган ыкмалар колдонулган: алар чектелген оозеки жана жазуу ишин баалоонун ыкмалары, иштелип чыккан үлгүнү колдонуу менен

окуучулардын чыгармачыл иштерине баа берүү, окуучулар өз жетишкендиктерине өзү баа берүүсүнүн калыптанышын жана өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн баалоо ыкмалары. Деңгээлдик ыкманын негизги талабы – окуучунун компетенцияларын калыптандырууга багытталган ар бир деңгээл боюнча талаптардын баяндалышы.

4. Иштелип чыккан 10 баллдык шкала боюнча окуучулардын окуу

жетишкендиктерин 4 деңгээл менен баалоонун заманбап модели тажрыйбалык-эксперименталдык иш учурундагы апробациялоодо орус тили жана адабиятын окутууда окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин жетишерлик эффективдүү натыйжаларын көрсөтө алды. Деңгээл менен окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун модели бирдиктүү баалоо куралы катары кароого болот. Баалоонун инструменттерине оозеки суроолор, долбоордук жана практикалык иштер кирет, баалоо инструменти өзүн өзү баалоодо, бири бирин баалоодо ыңгайлуу. Окуучунун ишин баалоодо түшүнүктүү жана макулдашылган критерийлер колдонулат.

Баалоонун илимий-усулдук негиздерин изилдөө, орус тили жана адабияты боюнча окуу материалдарын, баалоо таблицасынын дэңгээлин эске алуу менен оңдоп-түзөөгө, ошондой эле мугалимдер үчүн 10 баллдык шкала менен бааланууччу 4 деңгээлдүү баалоо таблицасын киргизүүнү сунуштаган усулдук иштелмелерди иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк берген.

Баалоонун заманбап моделинин негизги куралы, билим берүү жагынан зор мүмкүнчүлүктөргө ээ, окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоонун так критерийлери жазылган, критерийлик-дэңгээлдик баалоочу предметтик баалоо таблицалар болуп саналат. Критерийлик-деңгээлдик баалоочу таблицалардын негизинде киргизилген 10 баллдык система окуу процессинин бардык катышуучуларынын ишмердигинин мүнөзүндөгү өзгөрүүлөргө алып келет. Окуучулар көз карандысыз олуттуу иш тажрыйбага, өз ишине баа берүү критерийлерин түзүүдө тажрыйбага, б.а. өзүнө-өзү баа берүү, өз алдынча билим алуу траекториясын пландаштырууга, өзүнүн билим алуу сапатын жогорулатуу менен жемиштүү окуу боюнча иш-чараларга ээ болуп калышат.

Предметтик мугалимдер билим жетишкендиктерин баалоо боюнча жаңы окутуу жана методикалык инструментарийлерди колдонууда жакшы ийгиликтерге жетип, окуучу менен эффективдүү байланышта боло турган жаңы тажрыйба, окуучунун окуу программасын өздөштүргөндүгүн көзөмөлдөө тажрыйбасын алат.

Изилдөөнүн жыйынтыгы жалпысынан сунушталган гипотезанын тууралыгын тастыктоо менен практикалык сунуштарды берүүгө мүмкүнчүлүк берет:

1. Предметтик мугалимдер орто мектептердин окуучуларынын билим алуу жетишкендиктерине иш жүзүндө баалоо үчүн сунушталган моделин пайдаланышсын.

2. Иштелип чыккан предметтик баалоо таблицаларын жалпы билим берүүчү мектептерде орус тили жана адабияты сабактарында окуучулардын окуу ишмердүүлүгүнүн жыйынтыгын баалоодо колдонушсун.

Бирок, бул диссертациялык изилдөө көтөрүлгөн маселелердин бардык мазмунун аягына чыкпай, анын мүмкүн болгон багыттарын мындан ары да изилдөөгө мүмкүндүк берет.

Изилдөөнүн негизги мазмуну төмөнкү басылмаларда чагылдырылган:


1. Ниязова А.М. Использование метода проектов при формировании у учащихся информационной и социально-коммуникативной компетентности // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына. – 2013. – Специальный выпуск. – С.122-124.
2. Ниязова А.М. Традиционная оценка образовательных достижений учащихся: проблемы и пути решения // Вестник КГУ им. И. Арабаева. – Бишкек. – 2013. – Специальный выпуск. – С.186-189.
3. Ниязова А.М. Компетентностный подход – основа модернизации образования // Б.: Вестник КГУ им. И. Арабаева. – 2014. - №4. – С.69-73.
4. Ниязова А.М. Критерии к уровню учебных достижений учащихся общеобразовательных школ // Высшая школа Казахстана. – 2015. – №1. – С.198-206.
5. Ниязова А.М. Новые подходы к оценке учебных достижений учащихся общеобразовательных школ // Вестник КазНУ им. Аль-Фараби. Педагогическая серия. – Алматы. – 2015.– №1(44). – С. 94-99.
6. Ниязова А.М. Современные подходы к оцениванию учебных достижений учащихся // Вестник ИГУ. – Каракол, 2015. – №39 – С.245-250.
7. Ниязова А.М. Современные подходы к оценке учебных достижений учащихся в общеобразовательной школе // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек. – 2015. – №1 (33) – С.26-30.
8. Асипова Н.А., Ниязова А.М. Проблемы оценки учебных достижений учащихся на компетентностной основе // Вестник КНУ. – 2015. - №2. – С.396-402.
9. Ниязова А.М. Современные подходы к разработке критериев оценки уровней учебных достижений учащихся общеобразовательных школ // Вестник КНУ. – 2015. – №1. – С.199-205.
10. Ниязова А.М. Компетентностно-ориентированные задания как средство достижения планируемых результатов обучения // Известия Кыргызской академии образования. - 2015. - №3 (35). – С.298-302.
11. Ниязова А.М. Компетентностно-ориентированные задания как средство формирования ключевых компетенций // Вестник международных научных конференций. - 2015. - №11(15). – С. 82-89 (РИНЦ).
12. Ниязова А.М. Критерии оценивания проектных и творческих работ учащихся по русскому языку и литературе // Проблемы современной науки и образования – 2016. – №14(56) – С. 123-126 (РИНЦ).
13. Ниязова А.М. Окуучулардын проекттик жана чыгармачыл иштеринин баалоо критерийлери // Известия Кыргызской академии образования. – Бишкек. – 2016. – №2.

14. Ниязова А.М. Разработка критериев оценки творческих работ учащихся на основе компетентностного подхода. // Вестник КГУ им. И.Арабаева. – Выпуск 2, 2016. – С. 263-267.
15. Ниязова А.М. Критериально-уровневое оценивание учебных достижений учащихся на уроках русского языка и литературы // Стандарты и мониторинг в образовании. – 2016. - №5. – С. 38-44.
16. Ниязова А.М. Критериально-ориентированное оценивание навыков чтения учащихся в условиях введения нового предметного стандарта // Вестник КГУ им. И.Арабаева. – 2016. – выпуск 1. – С. 324-328.
17. Качество образования и оценка учебных достижений учащихся Известия КГТУ им.И.Раззакова. – 2017. – т.42. – №2. – С. 205-210.
18. Асипова Н.А., Ниязова А.М. Качество образования и оценка учебных достижений учащихся в условиях внедрения новых предметных стандартов // Известия Кыргызской академии образования. – 2017. – №2.
19. Асипова Н.А., Ниязова А.М. Организация критериального оценивания на уроке в условиях компетентностного подхода / Вестник КГУ им. И.Арабаева. – 2018.

**Ниязова Айнагүл Маликовнанын «Жалпы билимберүүчү мектептердеги окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо системасын өнүктүрүүнүн илимий-усулдук негиздери» аттуу темадагы Жалпы педагогика, педагогика жана билим берүүнүн тарыхы – 13.00.01 адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алуу үчүн диссертациясынын**

## РЕЗЮМЕСИ

**Түйүндүү сөздөр:** баалоо, баа, окуучулардын окуудагы жетишкендиктери, негизги жана предметтик компетенциялар, окуудагы жетишкендиктерин баалоодогу заманбап критерийлер, баалоо таблицасы, мугалимдин баалоо ишмердиги, окуудагы жетишкендиктердин мониторинги.

**Изилдөөнүн максаты:** орус тил жана адабият сабактарынын үлгүсүндө жалпы билим берүүчү мектептердеги окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин баалоонун заманбап моделин иштеп чыгуу жана аны ишке киргизүү.

**Изилдөөнүн объектиси:** окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо процесси.

**Изилдөөнүн предмети:** окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо системасы.

**Изилдөөнүн илимий жаңылыгы:**

1. Окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо системасынын тарыхый, илимий-теориялык маалыматтары ачылды, Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү мектептеринин окуучуларынын окуу

жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүү жана баа берүү үчүн жаңы илимий ыкмалар негизделди.

2. Окуучуларды окутуунун жыйынтыктарын баалоонун заманбап системасынын абалы мүнөздөлдү (орус тили жана адабияты сабактарынын мисалында).

3. 10 баллдык шкала боюнча окуучулардын окуу жетишкендиктерин 4 деңгээл менен баалоонун заманбап модели иштелип чыкты, жалпы билим берүүчү мектептердин окуучуларынын окуудагы жетишкендиктерин орус тили жана адабияты сабактарында баалоонун негизги принциптери жана критерийлери аныкталды, иштелип чыккан моделди колдонуу боюнча практикалык сунуштар берилди.

4. Апробация учурунда орус тили жана адабияты предметтерин окутууда иштелип чыккан окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоонун жаңы моделинин эффективдүүлүгү аныкталды.

**Изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү:** орус тили жана адабияты боюнча окуучулардын окуудагы жетишкендиктерин баалоо үчүн 4 деңгээлдеги заманбап баалоо системасы иштелип чыкты. Баалоо моделин окуучулардын билимин жана билгичтигинин деңгээлин баалоодо ийгиликтүү колдонсо болот.


## РЕЗЮМЕ

**диссертации Ниязовой Айнагуль Маликовны на тему «Научно-методические основы совершенствования системы оценки учебных достижений учащихся общеобразовательных школ» на соискание ученой степени кандидата педагогических наук по специальности 13.00.01. – Общая педагогика, история педагогики и образования**

**Ключевые слова:** оценка, отметка, учебные достижений учащихся, ключевые и предметные компетенции, современные критерии оценки учебных достижений, оценочная таблица, оценочная деятельность учителя, мониторинг учебных достижений.

**Цель исследования:** научно-теоретическое обоснование и разработка новой модели оценки учебных достижений учащихся общеобразовательных школ на примере предметов русский язык и литература.

**Объект исследования:** процесс оценивания учебных достижений учащихся.

**Предмет исследования:**система оценивания учебных достижений школьников.

**Научная новизна исследования:**

1. Раскрыты исторические, научно-теоретические предпосылки системы оценки учебных достижений учащихся, обоснованы новые научные подходы к контролю и оценке результатов обучения учащихся общеобразовательных школ Кыргызской Республики.

2. Охарактеризовано состояние современной системы оценивания учебных достижений учащихся (на примере предметов русский язык и литература).

3. Разработана современная 4-хуровневая модель оценки учебных достижений учащихся по 10-балльной шкале, определены основные

принципы и критерии оценки учебных достижений по русскому языку и литературе учащихся общеобразовательных школ, даны рекомендации по использованию разработанной модели оценивания в процессе изучения русского языка и литературы.

4. Определена во время апробации эффективность разработанной модели оценки учебных достижений учащихся в процессе изучения предметов русский язык и литература.

**Практическая значимость исследования:** разработана современная 4-уровневая система оценки учебных достижений учащихся по русскому языку и литературе, которая может быть использована как средство совершенствования системы оценивания результатов обучения. Разработанную модель оценивания можно успешно использовать при оценке уровня знаний и умений учащихся по русскому языку и литературе.


**SUMMARY**

**of the dissertation by NiazovaAinagulMalikovna on "Scientific and methodological basics of developing the evaluation system of secondary school students' academic achievements" for the degree of candidate of pedagogical sciences in specialty 13.00.01. - General pedagogy, history of pedagogy and education.**

**Keywords**: evaluation, mark, students' educational achievements, key and subject competencies, contemporary criteria of educational achievements evaluation, evaluation table, evaluation activity of the teacher, monitoring of educational achievements.

**The objective of the research** is scientific-theoretical rationale and development of a new model of evaluation of secondary school students' educational achievements on example of Russian and literature classes.

**The object of research** is the evaluation process of students' educational achievements.

**The subject of research** is the evaluation system of students' educational achievements.

**Scientific novelty of the research:**

1. Historical, scientific and theoretical background of evaluation system of students' educational achievements is revealed, new scientific approaches to control and evaluation of outcomes of Kyrgyz Republic's secondary school students' studying are justified.
2. Situation of contemporary evaluation system of students' educational achievements is characterized (by the example of Russian and literature classes).
3. Contemporary 4-level model for evaluating students' educational achievements on a 10-point scale was developed, basic principles and criteria for evaluating students' educational achievements in the Russian language and literature of secondary school students were determined; recommendations on

applying the developed evaluation model in the process of studying the Russian language and literature were given.

4. The effectiveness of the developed model of evaluation of students' educational achievements in the course of studying Russian and literature subjects was determined during the testing.

**The practical significance of the research** lies in the fact that as a result of research the 10-point system of evaluation of students’ educational achievements in Russian and literature was worked out, and which can be applied as an option for improving the system of evaluating the results of studying. Developed model of evaluation can be successfully applied in evaluating the level of students’ skills in Russian and literature. Suggested criteria of evaluating students’ educational achievements can serve as orientation basis in determining the quality of teaching Russian and literature.